**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун
2022-жылдын 18-февралындагы № 02-П токтому
менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциялык
сотунун Регламентине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 6-сентябры Бишкек ш.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту курамында: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев ишти натыйжалуу уюштуруу максатында жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 18-февралындагы № 02-П токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– **“**Конституциялык сотто иштерди кароонун тартиби” аталыштагы 10-баптын “Иштерди жазуу жүзүндөгү процедура боюнча кароо” деген §5 параграфынын 104-пунктунун 3-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

“3. соттун (судьялардын) кайрылуусу боюнча төмөнкү учурларда:

– ишти чечүү андан көз каранды болгон ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу жөнүндө маселе пайда болгондо;

– укук колдонууда келип чыккан кыйынчылыктардан улам Конституциялык соттун чечимин түшүндүрүү зарылдыгы пайда болгондо;”.

– “Конституциялык сотто иштерди кароонун тартиби” аталыштагы 10-баптын “Иштерди жазуу жүзүндөгү процедура боюнча кароо” деген §5 параграфы төмөнкүдөй мазмундагы жаңы $105^1$-пункт менен толукталсын:

“$105^1$. Конституциялык соттун чечими соттун (судьялардын) кайрылуусу боюнча Конституциялык соттун өзү тарабынан гана түшүндүрүлүшү мүмкүн.”.

2. Бул токтом кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтына жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысына” жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

№